ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН МАКСАТТАРЫ: БУУӨПтүн КОЛДООСУ.................... 5
НЕГИЗГИ УЧУРЛАР.......................................................................... 7
КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮ, АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ ЖАНА ЭНЕРГЕТИКА................ 10
МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ ЖАНА СОЦИАЛДЫК БИРИМДИК.................... 15
ТУРУКТУУ ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАШЫЛ ӨНҮГҮҮ............................................ 19
САЛАМАТТЫК САКТОО СИСТЕМАСЫН ЧЫҢДОО.......................................... 22
ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК ЖАНА ЖЫНЫСТЫК ЖАНА ГЕНДЕРДИК
ЗОМБУЛУККА КАРШЫ КҮРӨШҮҮ.................................................................. 24
ТЕҢСИЗДИКТИ КЫСКАРТУУ......................................................................... 28
КАЙРА ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮН ҮЧ БАГЫТЫ......................................................... 31
ӨНҮГҮҮНҮН ҮЧ ЖАГЫМДУУ ФАКТОРУ......................................................... 33
ИЧКИ НАТЫЙЖАЛУУЛУК.............................................................................. 36
ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА ӨНӨКТӨШТӨР............................................................. 38

# СӨЗ БАШЫ




Өткөн жылдагы жетишкендиктерге жана ийгиликтерге көз чаптыруу менен, Кыргызстандагы БУУӨПтүн Жылдык отчету менен тааныштырууга уруксат бериңиз. Биздин өнөктөштөр менен бирге биз Кыргызстанды өзүнүн улуттук артыкчылыктуу максаттарына жетүү жолунда колдоп келебиз. Бул отчетто жашыл экономиканы өнүктүрүү, жашыл каржылоого жеткиликтүүлүктү кеңейтүү, башкарууну өркүндөтүү жана климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүү боюнча демилгелер жана жыйынтыктар чагылдырылды. Саналып өткөн демилгелер Кыргызстандын Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүсүнө көмөктөшүүдө.

**АЛЕКСАНДРА СОЛОВЬЕВА,**

БУУӨПтүн КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТУРУКТУУ ӨКҮЛҮ

2023-жылы Кыргызстандагы БУУӨП Туруктуу өнүгүү максаттарын ишке ашыруу үчүн өзүнүн глобалдык тажрыйбасын жана стратегиялык өнөктөштүгүн колдонуп, мында санариптик өзгөрүүлөргө, өнүктүрүүнү каржылоого жана инновацияларга өзгөчө көңүл бурган.

Жакырчылыкты кыскартуу жана туруктуу экономикалык өсүшкө колдоо көрсөтүү БУУӨПтүн биринчи кезектеги милдети болуп саналат. Жашыл экономиканы өнүктүрүүдө жана жашыл каржылоого жеткиликтүүлүктү жакшыртууда өлкөнү колдоо чөйрөсүндө белгилүү бир жыйынтыктарга жетүү мүмкүн болду. Биз стратегиялык документтерди иштеп чыгуу менен колдоо көрсөтүп, Өкмөт жана өнөктөштөр менен салтка айланып калган байланышты кармап келатабыз: 2024-2028-жылдарга Жашыл экономиканы өнүктүрүү программасы, 2026-жылга чейин Бизнести өнүктүрүү программасы мындай документтерге мисал болуп бере алат. Биз саясаттын деңгээлинде да, микро-, чакан жана орто ишканалар (МЧОИ) менен иш алып баруу аркылуу да сооданы илгерилетүү чөйрөсүндө ишибизди улантып жатабыз – бул ишканаларга тандалып алынган кошумча нарк чынжырларында жаңы келишимдерди түзүүгө жардам берүүдөбүз.

Биздин колдообуз менен жашыл каржылоо күн тартибин илгерилетүүдө олуттуу ийгиликтерге жетүү мүмкүн болду. Экономика жана коммерция министрлиги жана Банктар союзу менен өнөктөштүктө БУУӨП жашыл финансы рыногуна

баалоо жүргүзүүнү колдоп берди. Бул баалоо, өз кезегинде, жашыл каржылоо механизмин түзүү үчүн техникалык-экономикалык негиздемени иштеп чыгууга көмөкчү болду. Ошондой эле биз Мамлекеттик өнүктүрүү банкы менен Экономика жана коммерция министрлигинин жетекчилиги астында жашыл каржылоо механизмин түзүү жөнүндө макулдашууга жете алдык.

Туруктуу өнүгүүнү каржылоо үчүн потенциалды бекемдөө боюнча долбоордун алкагында БУУӨПтүн колдоосу маанилүү объектилерди, анын ичинде алыскы Баткен облусунда жалгыз урологиялык клиниканы жана Талас облусунда тигүү цехин ачууга алып келди.

БУУӨПтүн климаттын өзгөрүшү, экологиялык туруктуулук, тышкы таасирлерге туруштук берүү жана табигый кырсыктардын тобокелдиктерин башкаруу жаатындагы колдоосу өзгөчө көңүл бурууга арзыйт. Биздин салымыбыз кыйла учурларда маанилүү ролду ойноду: гендердик факторлорду эсепке алуу менен улуттук деңгээлде аныкталган салымды (УДАС) ишке ашыруу пландарын иштеп чыгуудан тартып, Өкмөттүн 2050-жылга чейин көмүртекти бейтарап деңгээлге жеткирүү боюнча узак мөөнөттүү пландарын колдоого чейин. БУУӨП Дубайда өткөн БУУнун климаттын өзгөрүшү боюнча конференциясында (КС28) улуттук делегациянын потенциалын бекемдөөгө колдоо көрсөтүп берди. Мында потенциалды жогорулатуу негизги максат болуп саналат: комплекстүү окутуу иш-чаралары жана тренингдер негизги министрликтердин кызматкерлерине пайда алып келип, улуттук адаптациялоону пландаштырууга көмөктөшүүдө. Өзгөчө кырдаалдар маалында куткаруу кызматтарынын даярдыгын күчөтүү максатында стратегиялык жактан маанилүү райондордо жайгашкан өрт-куткаруу кызматтарынын жана кар көчкүлөрүнө мониторинг жүргүзгөн станциялардын курулушуна колдоо көрсөтүп, керектүү жабдууларды бердик.

Мамлекеттик башкаруу жана социалдык биримдик жаатындагы биргелешкен аракеттерибиз олуттуу жыйынтыктарга алып келди. “Тилектештик автобусу” сыяктуу демилгелер алыскы райондордо жашаган 10 000ден ашык адамдын юридикалык жардамга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылды. Биз кеңири инклюзивдүү консультацияларды уюштуруу жолу менен Терроризмге жана экстремисттик ишке каршы туруу жөнүндө эки маанилүү мыйзамды иштеп чыгууга көмөк көрсөттүк, көп өтпөй аларды Парламент кабыл алды. Чечим кабыл алуу жана социалдык-экономикалык өнүгүү процесстерине жаштардын жарандык катышуусун жогорулатууга багытталган долбоорлор 378 жумуш ордун түзүүгө, ошондой эле 180 кызды санариптик көндүмдөргө окутууга өбөлгө болуп берди, алардын ичинен 87си жергиликтүү эмгек рынокторунда ишке орношо алышты. Мындан тышкары, гендердик теңчилик боюнча демилгелерибиз ооган аялдарынын мүмкүнчүлүктөрүн ийгиликтүү кеңейтип, аялдардын тилектештик лидерлик платформаларынын жардамы менен 500 аялдын башын бириктире алды.
Кыргызстандагы БУУӨП калктын өзөктүк топтору үчүн өз убагында жана сапаттуу негизги кызмат көрсөтүүлөргө бардык адамдардын жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу ишине назарын бурду. Биз ВИЧ жана кургак учук менен жашаган адамдарга жардамды камсыздай алдык, алардын лаборато-

рияда текшерилүүсүн жакшырттык, ошондой эле медициналык кызматкерлерди жана өкмөттүк эмес уюмдардын кызматкерлерин ВИЧ жана кургак учук менен күрөшүүнүн ар кандай өнүттөрүнө окуттук. ВИЧ менен жашаган 6 миңден ашык адам үзгүлтүксүз дарыланып жатышат жана дарылоонун натыйжалуулугу көзөмөлдө. 2023-жылы дарыга туруктуу кургак учук менен ооруган 1200 адам эң заманбап жана сапаттуу дарылоодон өтүштү, мындай дарылоонун натыйжалуулугу жыл сайын артып отуруп, 70 пайызга жетип калды.

БУУӨП Санариптик өнүктүрүү министрлигине жаңы улуттук санариптик өнүгүү стратегиясын даярдоо үчүн санариптик даярдыкка баалоо жүргүзүп чыгууга колдоо көрсөттү. Мындан тышкары, БУУӨП Санариптик кодексти даярдоо ишин колдоп берип, пландалып жаткан дайындардын экосистемасына өзгөчө көңүл бурду. Бул экосистема 2024-жылы кабыл алынат деп пландалууда.

БУУӨПтүн акселератор лабораториясы инновациялардын экосистемасын жана креативдүү экономиканы өнүктүрүү боюнча күч-аракеттерди бириктирүү максатында платформаларды кеңейтүүдө улуттук өнөктөштөрдү жана жарандык коомду колдоп турду. Биз STEM4ALL платформасын ишке киргизүү аркылуу STEM чөйрөсүнө жаштарды тартуу үчүн, өлкөнүн аймактарында “Аялдардын креативдүү лабораториялары” демилгеси аркылуу креативдүү экономикада аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө жана бул чөйрөлөрдү изилдөөгө көмөк көрсөттүк. Create4 платформасынын алкагында Креативдүү индустриялар паркын түзүүдө Өкмөт жана БУУӨП натыйжалуу кызматташты. Бул кызматташтык Кыргызстанды креативдүү экосистеманы түзгөн жана жергиликтүү инноваторлор үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүктөрдү сунуштай алган дүйнөдөгү биринчи өлкөгө айландырды.

Өнөктөштөр менен биргеликте Баткен, Жалал-Абад, Ысык-Көл жана Талас облустарында аялдар тилектештигинин аймактык платформаларын (Курултайларды) уюштурдук. Платформа аялдарга саясий, социалдык жана экономикалык өнүгүүгө аялдардын катышуусуна байланышкан көйгөйлөрдү талкуулап, чечүү үчүн коопсуз мейкиндик болуп берди. Мындан тышкары платформа жалпы Кыргызстан боюнча аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүдө биргелешкен демилгелерди жана стратегияларды ачып берди.

2023-жылдан баштап Кыргызстандагы БУУӨП майыптыгы бар адамдарды БУУӨПтүн майыптык маселелерине байланышкан бардык иш-аракеттерин ишке ашыруу боюнча сунуштамаларды даярдоого тартууда.

2023-жыл тууралуу главаны жыйынтыктап жатып, биз алынган сабактарды жана жетишкендиктерди келечектеги жаңы иштер үчүн катализатор катары колдонмокчубуз. Бул жыйынтыктарга жетүүдө БУУӨПтүн өнөктөштөрүнүн жана донорлорунун баа жеткис колдоосу чоң ролду ойноду. Кыргызстанды өнүктүрүүгө жана Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүгө колдоо көрсөтүүдө мындан ары да чогуу алдыга умтула берели.

## ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫ: БУУӨПтүн КОЛДООСУ

БУУӨП Каржылоонун комплекстүү улуттук механизмдерин (ККУМ) ишке ашыруу менен туруктуу өнүгүү максаттарына (ТӨМ) жетүү үчүн өнүгүүнү каржылоону камсыз кылуу боюнча Өкмөттүн күч-аракеттерине колдоо көрсөтүп келет. Бул алкактык механизмдер ар кандай каржы агымдарын интеграцияланган жол менен башкарууга, алардын масштабын оптималдаштырууга жана натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган. Бул демилгенин алкагында өлкөнү өнүктүрүүнүн стратегияларын жана максаттарын финансылык жактан камсыз кылуу үчүн каржылоонун комплекстүү улуттук стратегиясынын долбоору даярдалган. Бул стратегия каржылоону мобилизациялоого жана улуттук артыкчылыктарга шайкеш келтирүүгө багытталган жана реформанын үч өзөктүк багытын аныктады: мамлекеттик каржылоонун жеткиликтүүлүгүн жана таасирин жогорулатуу, мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү кеңейтүү жана жеке секторду инклюзивдүү өнүктүрүүнү тездетүү. Ушул тапта Өкмөт улуттук каржылоо стратегиясынын долбоорун кабыл алууну караштырып жатат.

ТӨМгө жетүү үчүн бюджеттик мейкиндикти кеңейтүү максатында салык жеңилдиктеринин системасын оптималдаштырууда БУУӨП Экономика жана коммерция министрлигине колдоо көрсөттү. Салык жеңилдиктеринин натыйжалуулугун баалоонун жаңы методологиясын даярдоо ЮНИСЕФ менен өнөктөштүктө ишке ашырылган кызматташуунун максаты болгон. 2023-жылдын августунда кабыл алынган бул инновациялык методологиянын алкагында беш стимул кылдат изилденип чыкты, алардын төртөө натыйжалуу деп табылган, ал эми насыя союздары үчүн киреше салыгынан бошотуу натыйжасыз деп белгиленген. Ушуга байланыштуу натыйжасыз салык стимулун алып салуу пландаштырылды, анын суммасы 0,4 миллион АКШ долларын түздү.

БУУӨП 30 мүчөдөн турган ТӨМ боюнча парламенттик жумушчу топко туруктуу техникалык колдоо көрсөтүп келүүдө. Бул колдоо ТӨМ жаатындагы көзөмөл, мыйзамдарды ишке ашыруу, бюджеттик көзөмөл жана баалоо шаймандары сыяктуу ар кандай өңүттөрдү камтыган семинарларды жана окуу сабактарын өткөрүүнү камтыйт. Парламенттин мүчөлөрүнүн арасында туруктуу өнүгүү демилгелерин түшүнүү жана чечкиндүү саясий колдоо булардын жыйынтыгы болуп калды.

БУУӨПтүн колдоосу менен уюштурулган улуттук консультациялар бир аянтчага ТӨМ боюнча кызыкдар тараптардын 100гө жакын өкүлүн чогулта алды, алардын 40 пайызын аялдар, Өкмөттүн, жарандык коомдун, жеке сектордун, БУУнун агенттиктеринин өкүлдөрү, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр, илимий чөйрөлөрдүн өкүлдөрү түзөт. Бул чогулуштар белгиленген ТӨМ менен байланышкан баштапкы маалыматтарды талкуулоого шарт түзүп берип, баалуу

маалыматтарды алууга өбөлгө болду. Мунун натыйжасында Ыктыярдуу жергиликтүү серептин (ЫЖС) процесси башталып, мазмуну түптөлдү. ЫЖСнын натыйжасында күтүлүп жаткан жыйынтыктар экинчи Ыктыярдуу улуттук сереп (ЫУС) тууралуу маалыматтарды жеткирүүдө өзөктүк ролду ойноп бериши керек, ал эми Ыктыярдуу улуттук сереп 2024-жылга пландаштырылды.

ТӨМдү локалдаштыруу программасын мындан ары сүрөө максатында БУУӨП Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттигине (АРИС) ТӨМдү эсепке алуу менен бюджетти маркировкалоого колдоо көрсөттү. АРИС элет жергелеринде жакырчылыктын деңгээлин төмөндөтүүгө көмөктөшүү максатында жалпы Кыргызстан боюнча жергиликтүү инфраструктурага масштабдуу мамлекеттик инвестициялык долбоорлорду ишке ашырып жатат (мамлекеттик инвестициялардын жалпы бюджетинин 13 пайыздан ашыгы). Маркировкалоо процессинин негизги жыйынтыктары көрсөткөндөй, инвестициялардын 36,5% ТӨМдү ишке ашырууга багытталган, мында ТӨМ-6 141 миллион доллар өлчөмүндө эң көп каржылоону алган. Мындан тышкары, ТӨМ-2ге 34 миллион доллар, ТӨМ-4гө 33 миллион доллар жана ТӨМ-11ге 27 миллион доллар бөлүнгөн. Бул жыйынтыктар АРИСтин келечектеги программаларын жана башка инвестициялык демилгелерин даярдоодо багыт көрсөтүп берет деп күтүлүүдө.

## НЕГИЗГИ УЧУРЛАР

Алардын

**67 си**

**509,000**

**АКШ долларына ишке ашырылган**

(1 000 туристке жакын).

Туризм тармагында кызматташуу боюнча

**114** келишимге/макулдашууга кол коюлган

**7 экспорттук келишимге кол коюлду**

Жалпы суммасы

**1.7 миллион АКШ долларын түзгөн**

Катар жана Кытай экспорттук рыноктор болуп саналышат

**Кар көчкүнүн түшүүсүнө мониторинг жүргүзүп турган**

**3**

**станция курулду**

**Иштеп жаткан көчкү станциялары**

анын ичинде

- **Долон**
- **Чапчыма**
- **Башкы-Терек**

**60,000**

миңге жакын жашоочунун коопсуздугун камсыздап жатат. Бул станциялар аймактарды бириктирген маанилүү транспорттук магистралдарда тобокелдиктерди өз убагында баалоого жана кар көчкү коркунучу тууралуу алдын ала эскертүүлөрдү жөнөтүүгө мүмкүндүк берүүдө.

**3**

**өрт станциясы курулуп, пайдаланууга берилди**

**Табигый кырсыктардын тобокелдиги жогору аймактарда өрт жана куткаруу станциялары кырсыкка туруктуулукту кыйла жогорулатып,**

болжол менен

**400,000**

адамга жана туристтик сезондо

**1 миллионго**

чейин адамга пайда алып келди

**744 адам**

**Чакан гранттар программасынын алкагында коргоого алынган аймактарга жана биологиялык көп түрдүүлүктүн негизги аймактарына жакын жайгашкан жамааттарда**

алардын 60% – аялдар

40% 60%

артыкчылыктарды пайдалана алышты

**25 000ден**

**адам чакан гранттар программасынан пайда көрүштү**

**Уран калдыктарын сактоочу жайларга жакын жайгашкан жергиликтүү жамааттарда**

**Жергиликтүү жамааттардын уставдарын жеткире иштеп**

**665**

**өкүл катышты**

**бул тынчтыкты куруу стратегиясын жамааттардын жергиликтүү өнүгүү пландарына интеграциялоого мүмкүндүк берди**

**10,344**

**адамга**

**акысыз юридикалык жардам көрсөтүлдү**

анын ичинен

**4,554** эркекке

**5,790** аялга

гендердик багыттагы жардам берилди

**500**

жаш адам бизнес-акселерация программаларынан пайдаланып

натыйжада

**76**

демилгеси колдоого ээ болуп, бул алардын экономикалык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө көмөктөштү

---

Өлкө боюнча

**5 000** ден

практиктердин жамааттарына кошулуп, келечекте көп талап кылынчу кесиптер, санариптик көндүмдөр жана креативдүү ишкерлик тууралуу маалымат алышты

ашык жаштар **Create4** жана **STEM4ALL**

---

Дарыга туруктуу кургак учук менен ооруган

**1,200**

адам

эң алдыңкы жана сапаттуу дарылоодон өтүштү

Дарыга туруктуу кургак учукту дарылоонун ийгилиги жыл сайын жогорулап отуруп, учурда

**70%**

пайыздан ашты

---

Өзөктүк топтордогу

**39,000**

адам ВИЧти жана кургак учукту алдын алуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү алышты

2023-жылы 118 консультациялык кызматы

**118**

ашуун адамга керектүү медициналык консультацияларды берген

**25,000**

ден

# КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮ, АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ ЖАНА ЭНЕРГЕТИКА



# КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮ, АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ ЖАНА ЭНЕРГЕТИКА

БУУӨПтүн "Климатка берген убада" глобалдык демилгеси өлкөнүн климат темасына карата мамилесин өзгөртүүгө көмөктөштү. БУУӨП Кыргызстанды улуттук деңгээлде аныкталган салымдарды күчөтүүдө, аларды улуттук саясатка интеграциялоодо жана УДАСты ишке ашырууга көмөктөшкөн шарттарды түзүүдө колдоп берди. Париж Макулдашуусу боюнча өлкөнүн улуттук артыкчылыктарына жана эл аралык милдеттенмелерине ылайык Узак мөөнөттүү стратегияда 2050-жылга чейин көмүртекти бейтарап деңгээлге жеткирүүнүн стратегиялык жолдору белгиленди.

УДАСты ишке ашыруу планында гендердик факторлорду эсепке алуу менен адаптациялоо жана кесепеттерин азайтуу стратегияларына артыкчылыктуу мамиле жасалууда. БУУӨП энергонатыйжалуулук жана энергияны үнөмдөө программаларын актуалдаштырууга көмөктөштү. Ошондой эле гидрофторкөмүртектерден баскыч-баскычы менен баш тартуу боюнча улуттук стратегияны иштеп чыгууга да жардам көрсөтүлдү, бул стратегия зыяндуу заттарды абага бөлүнүшүн азайтууга багытталган.

Кыргызстан бардык деңгээлдерде, өзгөчө аялдар менен жаштардын катышуусунда инклюзивдүү климаттык дискуссияларды колдоодо олуттуу ийгиликтерге жете алды. БУУӨПтүн колдоосу менен Кыргызстан климаттын өзгөрүшүнө аярлуу секторлордун адаптациялануу дараметин күчөтүп жатат, муну менен трансчекаралык климаттык жана экологиялык тобокелдиктерди, анын ичинде эрте мөөнөттө алдын алуунун биргелешкен системаларын чечүү үчүн аймактардын кызматташтыгынын маанилүүлүгүн баса белгилөөдө. БУУӨП Кыргызстандын эл аралык климаттык талкууларга, анын ичинде БУУ РКИК тараптарынын 28-конференциясына катышуусун колдоп, Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин климаттык дипломатиядагы ролун жогорулатууда маанилүү ролду ойноду.

Жапон Өкмөтүнүн колдоосу менен кар көчкүгө мониторинг жүргүзүүчү 3 станцияны, KOICA уюмунун колдоосу менен аярлуу райондордо 3 өрт-куткаруу станциясын куруу негизги министрликтердин материалдык-техникалык базасына олуттуу салым болуп берди. ӨКМ кызматкерлерине билим берип, дараметин жогорулатуу аркылуу БУУӨП табигый кырсыктардын тобокелдиктерин башкаруу жана тобокелдиктер жөнүндө маалымдоо үчүн алдыңкы технологияларды интеграциялоого көмөктөшүп жатат.

Мындан тышкары, БУУӨП укуктук базаны өркүндөтүү, корголуучу жаратылыш аймактарын натыйжалуу башкаруу жана тоолуу аймактарды

туруктуу өнүктүрүүнүн Жол картасын иштеп чыгуу менен Кыргызстандын тоо экосистемаларынын жана жаратылыш ресурстарынын биологиялык көп түрдүүлүгүн сактоо боюнча чараларды ишке ашырууну колдоп берди. БУУӨП колдоого алган тоолуу аймактарды өнүктүрүүнүн Жол картасы Кыргызстандын тоолуу ландшафттарды коргоого жана алардын климаттын өзгөрүшүнө туруктуулугун жогорулатууга умтулуусун көрсөтүүдө.

БУУӨП тоодогу токойлорду сактоого карата Кыргызстандын мамилесин өзгөртүүдө маанилүү ролду ойноду. Бул үчүн жаратылышты коргоочу баалуулугу жогору токойлордун (ЖКБТ) концепциясын улуттук мыйзамдарга киргизип, токойлорду туруктуу башкарууну (ТТБ) жактап, Кыргызстандагы токойлорду сактап калуу жаатындагы аракеттерди көрүп жатат. ЖКБТны киргизүү жана ТТБны улуттук стандарттар боюнча ыктыярдуу сертификациялоонун пилоттук программасы мындан ары бул өтө маанилүү экосистемаларды сактап калууга салым кошот. БУУӨПтүн көмөгү менен Батыш Тянь-Шанда аянты 64 миң гектардан ашык экологиялык коридор түзүлдү. Бул коридор жапайы фаунанын негизги түрлөрүнүн генетикалык көп түрдүүлүгүн камсыз кылып, табигый миграциялык жолдорду сактап калып, экосистемалардын туруктуулугун бекемдөө үчүн зарыл.
БУУӨПтүн колдоосу менен Батыш Тянь-Шандын коргоого алынган аймактарынын инфраструктурасын жакшыртууда олуттуу прогресске жетишүү мүмкүн болду. Туристтердин агымын ирээтке келтирүү үчүн Сары-Челек жаратылыш коругунда 2 административдик имараттын жана аңчылар үчүн 3 үйдүн курулушу, ошондой эле автоматтык шлагбаумдун орнотулушу бул маанилүү аймактарды башкаруунун натыйжалуулугун жана коопсуздугун жогорулатууда маанилүү роль ойноду. Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын башкаруу боюнча иштелип чыккан пландар жана керектүү жабдуулар менен камсыз кылуу жаратылыш парктарын коргоону жана кароону жолго салды.

БУУӨП өткөргөн комплекстүү окутуу программалары, чакан гранттар жана жамааттардын деңгээлинде биргелешкен пландаштыруу уран калдыктарын сактоочу жайларга жакын жашаган жамааттардын бакубатчылыгына оң таасирин тийгизди.

БУУӨПтүн комплекстүү окутуу программалары 621 адамга, анын ичинде көпчүлүк аялдарга жаратылышты сактоо үчүн пайдалуу жашыл практикаларды үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берди. Чакан гранттар программасы жергиликтүү жамааттарга олуттуу көмөк көрсөттү, бул программа жашоого керектүү каражаттарды туруктуу камсыз кылуу үчүн чакан долбоорлорду ишке киргизүү менен олуттуу көмөк көрсөтүп, 740тан ашык адамды, негизинен аялдарды колдоп берди. Бул күч-аракеттер экосистемага түшкөн жүктү азайтып гана тим болбостон, жамааттардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө да салым кошту.

Евробиримдик каржылап, БУУӨП колдоп берген аймактык долбоордун алкагында климаттын

өзгөрүшүнө туруштук берүү жана гендердик маселелер боюнча платформаны түзүү дагы бир маанилүү кадам болуп калды – климат маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууга ар кандай кызыкдар тараптар тартылып, аялдардын мүмкүнчүлүктөрү кенейтилип жатат. Бул ошондой эле жаштарды климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөштө колдоо менен бирге, климаттын күн тартибине коомчулуктун комплекстүү мамилесин да чагылдырып турат. БУУӨП жеке секторду бардык аярлуу тармактарды климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоого, көйгөйлөрдү жана мүмкүнчүлүктөрдү аныктоого жигердүү тартып келди.

БИОФИН долбоорунун колдоосу менен Кыргызстанда Жаратылышты коргоо тресттик фондун түзүү боюнча чечимдерди изилдөөдө Өкмөттүн жана БУУӨПтүн биргелешкен жигердүү позициясы жаратылышты коргоо иши үчүн туруктуу финансылык келечекти камсыз кылууга умтулуусун көрсөтүп турат.
БУУӨП Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлигинин (ЖРЭТКМ) веб-сайтын комплекстүү түрдө жаңылап чыкты. Секторлор ортосунда маалымат алмашууну кеңейтүү негизги максат болуп саналат, ал эми маалымат порталында техникалык консультанттардын реестри киргизилди.

Мындан тышкары, Кыргызгидромет жана Улуттук статистика комитети менен даражетти жогорулатуу боюнча биргелешкен күч-аракеттер жана иш-чаралар жүйөлүү климаттык сценарийлерди, статистикалык көрсөткүчтөрдү жана климаттык продуктуларды иштеп чыгууда негизги ролду ойноду. Кызматташтыктын натыйжасында алынган жүйөлүү жыйынтыктар ар кандай тармактарда саясатты даярдоо процессин өркүндөтүүдө маанилүү ролду ойнойт.

БУУӨП ЖРЭТКМ, ӨКМ, Айыл чарба министрлиги жана Саламаттык сактоо министрлигинин кызматкерлерин максаттуу окутууну камсыз кылуу менен алардын даражетин жогорулатууда чечүүчү ролду ойноду, муну менен аларды стратегиялык адаптациялык пландаштырууга даярдады. Бул демилгенин алкагында биологиялык көп түрдүүлүктү сактоо, саламаттыкты сактоо, өзгөчө кырдаалдар жана айыл чарбасы сыяктуу маанилүү тармактарда климатка ыңгайлашуу боюнча тармактык стратегияларды иштеп чыгуу үчүн мамлекеттик кызматкерлердин когортасы ийгиликтүү даярдалды.

Мындан тышкары, долбоор Кыргыз Республикасынын жарандык коргонуу системасында жай өнүгүп жаткан кооптуу көрүнүштөрдү классификациялоону жана документтештирүүнү жигердүү колдоп берди. Бул салым келечектеги тобокелдиктерди жана зыяндарды баалоо мүмкүнчүлүгүн жогорулатып, климаттын өзгөрүүсүнө байланышкан коркунучтарга өлкөнүн даярдыгын жана туруштук берүүсүн күчөтөт.

## Негизги учурлар

Климаттык тобокелдиктерди жана аярлуулукту баалоо жана ысык климаттык жерлердин картасы чечимдерди кабыл алуучу улуттук адамдардын жана негизги кызыкдар тараптардын арасында структурага салынган консультативдик жолугушуулар жана сурамжылоолор аркылуу аяктады. Ал эми Фергана өрөөнүнүн үч облусунда тандалып алынган 4 пилоттук жамаат климаттын өзгөрүшү шартында өтө аярлуу аймактар катары аныкталып, алар үчүн КР ӨКМ менен биргеликте эрте кабарлоо жана эскертүү системалары иштелип чыкты.

КС28ге даярдыктын алкагында 7 онлайн-консультация өткөрүлүп, алар стратегияда көрсөтүлгөн бардык негизги тематикалык тармактарды камтыды.

УДАСты ишке ашыруу планына жана 2050-жылга чейин Көмүртектин нейтралдуулук концепциясына жасалган талдоону талкуулап, текшерүү үчүн бир катар жолугушуулар, дараметти жана маалымдуулукту жогорулатуу боюнча өнөктүктөр өткөрүлдү. Бул иш-чараларга мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери, ошондой эле жарандык, финансы жана жеке секторлор, жаштар жана илимий чөйрөлөр, жалпыга маалымдоо каражаттары, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр катышты.

КС-28дин алдында жана КС-28ден кийин Климаттык форумдар, Жаштар конференциясы (LCOY) өткөрүлдү.

Корголуучу аймактарды башкарууну күчөтүү максатында эки улуттук паркта 2 административдик имарат жана аңсакчылар үчүн 3 үй курулуп, жабдылып, эмеректер менен камсыздалды.

Мамлекеттик корукта конокторду жана туристтерди жөнгө салуу үчүн 1 автоматтык тосмо орнотулду.

Экотуризм үчүн 14 каттам даярдалып, басылып чыкты, биологиялык көп түрдүүлүктү сактоо жана башкаруу боюнча 4 тасма, 1 билим берүүчү курс жана 5 окуу материалы даярдалып таратылды.

Биологиялык көп түрдүүлүккө 3 изилдөө жүргүзүлүп, экологиялык коридорлорду, буфердик зоналарды түзүп, ак илбирстин санын баалоо үчүн карталар түзүлдү. Бул иштердин жыйынтыгы боюнча Батыш Тянь-Шанда аянты 64 миң гектардан ашык экологиялык коридор жана аянты 25 миң гектардан ашкан буфердик зона түзүлдү.

17 корголуучу аймакта ыкчам баалоо жүргүзүлдү, анда негизги жер пайдалануучулар жана чек аралар аныкталып, көп өтпөй маалыматтарды камтыган белгилер орнотулду.

# МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ ЖАНА СОЦИАЛДЫК БИРИМДИК



# МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ ЖАНА СОЦИАЛДЫК БИРИМДИК

БУУӨП адамдын өнүгүүсүн илгерилетүү үчүн Өкмөт менен өнөктөштүктө иш алып барды. Негизги күч-аракеттер ачык-айкын жана инклюзивдүү саясатты, жеткиликтүү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү, жарандык активдүүлүктү жана жамааттардын туруктуулугун илгерилетүүгө багытталды.

БУУӨП 7-чакырылыштагы парламенттин өнүктүрүү багытындагы максаттарын колдоп берди, мында мыйзамдардын натыйжалуулугуна жана отчеттуулукка өзгөчө көңүл бурду. БУУӨП укук колдонуу практикасында адам укуктарын илгерилетүүгө жана аярлуу топтор үчүн акысыз юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүгө өзгөчө көңүл буруу менен, укуктук жана соттук реформаларды жүргүзүүдө Өкмөт жана жарандык коом менен чогуу иш алып барды.

БУУӨП жалпы портфолионун алкагында майыптыгы бар адамдардын укуктарын эсепке алууну камсыз кылып жатат, ошондой эле БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө Конвенциясын натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуу максатында иштеп жаткан структураларды бекемдөө жана майыптыгы бар адамдардын улуттук мекемелерин жана уюмдарын колдоо аркылуу алардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү багытында максаттуу аракеттерди көрүүдө. БУУӨП диалогду өнүктүрүү, натыйжалуу кызмат көрсөтүү жана чечимдерди биргелешип кабыл алуу боюнча чараларды ишке ашырууга өзгөчө көңүл буруп келет. Күч-аракеттер Баткенге жана Фергана өрөөнүнө өзгөчө басым жасоо менен социалдык биримдикти чыңдоого жана жамааттардын туруктуулугун жогорулатууга багытталган.

Экономика жана комерция министрлиги БУУӨПтүн жана Жапон Өкмөтүнүн колдоосу менен БУУнун Жетектөөчү принциптерине шайкеш келген Бизнес жана адам укуктары боюнча улуттук иш-аракеттер планын даярдоо үчүн ведомстволор аралык жумушчу топту түздү. Бизнес жана адам укуктары маселелери боюнча биринчи улуттук базалык баалоо жүргүзүлүп, саясий жана мыйзам чыгаруу базасына ар тараптуу талдоо жүргүзүлдү. Бул баалоодон келип чыккан сунуштамалар БУУнун Жетектөөчү принциптерине ишке ашырууга багытталган Улуттук иш-аракеттер планынын долбооруна киргизилди.

БУУӨПтүн колдоосун Жогорку сот да алды – Нидерланд Өкмөтүнүн көмөгү менен экологиялык сот адилеттигине жетүү боюнча судьялардын эл аралык конференциясы өттү. Бул демилге сот системаларынын кызматташты-

гына жана регионалдык көйгөйлөрдү чечүүгө өзгөчө көңүл буруп, экологиялык адилеттүүлүктү жакшыраак түшүнүүгө көмөктөштү.

Экологиялык адилеттүүлүктүн айланасындагы улуттук көйгөйлөрдү биргелешип чечүү үчүн түзүлгөн Улуттук диалог платформасына ЖРЭТКМ, Жогорку сот, Башкы прокуратура, адвокатура жана Орхус борбору катышты. БУУӨП Финляндия Өкмөтүнүн колдоосу менен Юстиция министрлигине 10 344 адамга акысыз юридикалык жардам көрсөтүүдө көмөктөштү, мында гендердик өңүттөр эске алынып, жардамды 4 554 эркек жана 5 790 аял алышты. "Тилектештик автобусу" демилгесинин алдында 41 471 уникалдуу окурманды камтыган жергиликтүү талкуулар жана маалыматтык өнөктүк өттү, анын натыйжасында 11 муниципалитетте 1 199 адамга юридикалык жардам көрсөтүлдү. БУУӨП 114 акысыз юридикалык жардам боюнча ишеним телефонун түзүүгө колдоо көрсөттү, ал 3 257 бенефициарга аялдар жана кыздар үчүн маанилүү болгон юридикалык маселелер боюнча жардам берди.

БУУӨПтүн колдоосу майыптыгы бар адамдардын сот адилеттигине жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүнү камсыздай алды. Тактап айтканда, бул иштер 2023-2030-жылдарга "Жеткиликтүү өлкө" мамлекеттик программасын кабыл алуунун натыйжасында ишке ашты. Аталган мамлекеттик программа Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясынын (МАУК) ченемдерине шайкеш келет. "Майыптык жаатындагы негизги терминдердин глоссарийи" жана 39 сурдокотормочунун байланыш маалыматтары камтылган жаңыланган юридикалык дайындар базасы сыяктуу демилгелер дүлөй жана угуусу начар адамдар үчүн сот адилеттигине жеткиликтүүлүктү кыйла жакшыртты.

БУУӨПтүн колдоосу менен өлкөдө жергиликтүү башкарууну чыңдоодо жана социалдык биримдикти бекемдөөдө жылыштар байкалып жатат. Жергиликтүү жамааттардын уставдарын жеткире иштеп чыгууга 665 өкүл катышып, уставдарды БУУнун ФМС каржылаган биргелешкен программасынын алкагында тынчтыкты куруу стратегиясын жергиликтүү өнүгүү пландарына киргизишти.

Жаштардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө келсек, 500 жаш бизнести өнүктүрүү программаларынан пайдаланышты, анын натыйжасында 76 бизнес демилгеси (микро, чакан ишканалар – МЧИ) колдоого алынды. Бул демилгелер жаштардын экономикалык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, 378 адамды жумушка орноштурууга өбөлгө болуп берди – алардын ичинен 206 сы аял, ал эми 172си эркек.

Улуттук жаштар конгресси жана жогорку деңгээлде өткөн Жаштар форуму президенттин, улуттук бийликтердин жана 2000ден ашуун жаштын ортосундагы диалогго көмөк-

төштү. Бул диалог жарандык катышууга жана артыкчылыктарды аныктоого багытталган. Бул демилгелер жаштар менен Өкмөттүн ортосунда туруктуу байланыш каналын түзүп, жаштардын добуштары өнүгүү темасындагы күн тартибинин ажырагыс бөлүгүнө айланат деп кепил болуп берди.

Жергиликтүү тынчтык стратегияларын түзүүгө жамааттардын катышуусун камсыз кылган экстремизмдин алдын алуу боюнча тогуз инклюзивдүү консультативдик топ түзүлдү. 26 сүрөтчү жана 400 адам катышкан “ARTurduuluk” демилгеси маданияттар ортосунда тажрыйба алмашууга жана толеранттуулук идеяларын сүрөөгө өбөлгө түздү. Мунун натыйжасында чыгармачылык индустрия менен жамааттардын кызматташтыгы аркылуу Ош шаарында 1000 адамды бириктирген “Шаардын ыргагы” фестивалы өттү.

# ТУРУКТУУ ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАШЫЛ ӨНҮГҮҮ



## ТУРУКТУУ ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАШЫЛ ӨНҮГҮҮ

БУУӨП БУУнун Жашыл экономиканын кызыкчылыгындагы иш-аракеттер үчүн өнөктөштүк программасынын (PAGE) алкагында жашыл экономиканы өнүктүрүү программасынын кийинки фазасын түзүүдө Экономика жана коммерция министрлигине колдоо көрсөттү. Буга чейинки программадан алынган сабактарга комплекстүү талдоо жасалып чыкты. 2024-жылдын биринчи кварталына пландалган алдыдагы программа жашыл өнүгүү темасын илгерилетүүдө өлкөнүн негизги артыкчылыктарын аныктап берет. Мындан тышкары, программа өлкөнүн климат боюнча азыркы улуттук милдеттенмелери менен үндөштүрүлөт.

БУУӨПтүн колдоосу менен жашыл каржылоо күн тартибин илгерилетүүдө олуттуу ийгиликтерге жетүү мүмкүн болду. Экономика жана коммерция министрлиги жана Банктар союзу менен өнөктөштүктө БУУӨП жашыл каржы рыногуна баалоо жүргүзүү ишин колдоп берди. Бул баалоо өз кезегинде жашыл каржылоо механизмин түзүү үчүн техникалык-экономикалык негиздемени даярдоого көмөктөштү.

2023-жылы БУУӨП Экономика жана коммерция министрлиги жана Мамлекеттик өнүктүрүү банкы (МӨБ) менен биргеликте жашыл каржылоо механизмин түзүү жөнүндө макулдашууга жетишти. МӨБдүн катышуусу өзгөчө маанилүү, себеби ал катализатордун ролун ойной турган жана жашыл каржылоо механизминин жалпы капиталы үчүн ресурстарды мобилизациялоого көмөк болчу финансылык ресурстарга ээ (МӨБдүн капиталы 200 миллион доллардан ашат).

Жагымдуу ишкер чөйрөнү жакшыртуу максатында БУУӨП Экономика жана коммерция министрлигине “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын бизнесин өнүктүрүү программасы” стратегиялык документин даярдоого колдоо көрсөттү. Бул документ жеке сектор менен биргеликте иштелип чыккан конкреттүү чаралардын жана демилгелердин комплексин камтыйт. Программа Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген. Негизинен микро -, чакан жана орто ишканаларды (МЧОИ) өнүктүрүүгө багытталган жеке секторду комплекстүү өнүктүрүү бардык кызыкдар тараптардын, анын ичинде өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн жана жарандык коом уюмдарынын күч-аракеттерин бириктирет деп күтүлүүдө. БУУӨП

кабыл алынган программанын негизинде Экономика жана коммерция министрлигине колдоо көрсөтүү үчүн баштапкы иш-аракеттерди аныктады.

Кыргызстандагы микро-, чакан жана орто ишканалардын жаңы рынокторго кирүүсүн жеңилдетүү максатында БУУӨП алардын ар кандай эл аралык соода жарманкелерине жана көргөзмөлөрүнө катышуусуна колдоо көрсөттү. Бул иштердин натыйжасында жалпы суммасы 2,2 миллион АКШ долларына экспорттук келишимдер түзүлдү.

БУУӨП "Борбордук Азиядагы соодага көмөктөшүү" аттуу регионалдык программасынын V этабын (2022-2025-жж.) ишке ашырууда. Финляндиянын Тышкы иштер министрлиги каржылаган бул программаны өлкөлөрдүн экспорттук потенциалын чыңдоого жана диверсификациялоого багытталган. Бул максатка жетүү үчүн БУУӨП соодага багытталган жеке секторду өнүктүрүп, экспортко багыт алган кошумча нарк чынжырчаларын өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүнүн үстүндө иштеп жатат. Саясий деңгээлде БУУӨП эки маанилүү документти иштеп чыгууга колдоо көрсөттү. Алар: Электрондук коммерция боюнча статистикалык маалыматтарды чогултуу методологиясы жана 2024-2027-жылдарга Туризмди өнүктүрүү программасы.

# САЛАМАТТЫК САКТОО СИСТЕМАСЫН ЧЫҢДОО



## САЛАМАТТЫК САКТОО СИСТЕМАСЫН ЧЫҢДОО

БУУӨП ВИЧтин/кургак учуктун жана COVID-19дун алдын алууда, аныктоодо жана бул ооруларга чалдыккандарды дарылоодо өзүнүн колдоосун кеңейтүүдө. Мындай колдоо адилеттүү жана туруктуу саламаттыкты сактоо системаларын жана пандемияга даярдыкты күчөтүүнү камты йт. Медициналык кызматкерлерге жана ВИЧ менен кургак учук жаатында тиешелүү жамааттарга багытталган дараметти жогорулатуу боюнча демилгелердин натыйжасында олуттуу жыйынтык болду: өзөктүк топторго кирген 39 000 адам ВИЧти жана кургак учукту алдын алуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү алышты.

ВИЧ менен жашаган 6 миңден ашуун адам, анын ичинде БУУӨП долбоорунун колдоосунун алкагында үзгүлтүксүз дарылануудан өтүп жатышат. 2023-жылы дарыга туруктуу кургак учук менен ооруган 1200 адам эң заманбап жана сапаттуу дарылоодон өтүштү. Дарылоонун ийгилиги жыл сайын жогорулап отуруп, 70 пайыздан ашты. Баштапкы медициналык-санитардык жардам кызматынын дарыгерлери жана медайымдары кургак учукка каршы күрөшүү боюнча Улуттук программа менен биргеликте дарыга туруктуу кургак учуктун 800дөн ашык жаңы учурларын аныкташты. Бул оорулуулар заманбап дарылоого жана социалдык колдоого ээ болушту.

2023-жылы ВИЧ жана кургак учук менен ооруган адамдар, ошондой эле зомбулукка кабылган аялдар үчүн 7 борбор бейтаптарды кабыл алып, жайгаштырып, тамак берип кызмат көрсөттү. Ошондой эле бул жарандарга документтерин калыбына келтирүүгө көмөктөшүп, психологиялык жактан колдоо беришти.

Юстиция министрлиги, Ички иштер министрлиги, Акыйкатчы аппараты жана башка министрликтер, ведомстволор менен өнөктөштүктө БУУӨП ВИЧ жана кургак учук менен жашаган адамдарга, ошондой эле калктын өзөктүк топторунун өкүлдөрүнө карата стигманы жана басмырлоону азайтуунун үстүндө иш алып барды. Тийиштүү саясатты иштеп чыгып, алардын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү сыяктуу биргелешкен күч-аракеттердин натыйжасында бенефициарларга карата стигманын деңгээли туруктуу түрдө азайып жатат.

# ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК ЖАНА ЖЫНЫСТЫК ЖАНА ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУККА КАРШЫ КҮРӨШҮҮ



## ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК ЖАНА ЖЫНЫСТЫК ЖАНА ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУККА КАРШЫ КҮРӨШҮҮ

Гендердик санариптик теңсиздик маселесин чечүүдө санариптик көндүмдөргө ээ болгон 180 кыз жана аялдын 54% жумушка орношуп, бул жаатта көзгө илинээрлик деңгээл байкалды. Позитивдүү билдирүүлөрдү жайылтуу боюнча аракеттерге санариптик чечимдерди колдонуу менен гендердик багыттагы өнөктүк бар, ал эми Акыйкатчы институту аялдарга каршы көз караштарды өзгөртүп, гендердик белгиси боюнча кастыкты козутуу тууралуу маалымдуулукту жогорулатуу максатында чат-ботту ишке киргизди.

Мындан тышкары, БУУӨП парламентке "Үй-бүлөлүк, жыныстык жана гендердик зомбулуктан коргоо жөнүндө" Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана тиешелүү каржылык эсептөөлөрдү жүргүзүүгө жардам берип, муну менен жабырлануучулардын укуктарынын корголушун кепилдеди. Долбоор биринчи окуудан өттү.

Ошондой эле БУУӨП гендердик зомбулук көйгөйүн чечүүгө назарын буруп, гендердик зомбулукту жоюу боюнча программаны сүрөп, жагымдуу саясий, укуктук жана ресурстук чөйрөнү түзүүгө жардам берди. Бул иштер үй-бүлөлүк зомбулукка шектүүлөрдү кармоо, зомбулукту башынан өткөргөндөргө акысыз юридикалык жардам көрсөтүү жана алимент төлөө жөнүндө мыйзамдарды кайра карап чыгып, сүрөө аркылуу жетишилди.

Эл аралык эмгек уюму менен биргеликте БУУӨП Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине Зомбулук жана ыдык көрсөтүү жөнүндө Конвенцияны илгерилетүүгө колдоо көрсөттү. Аталган Конвенция иш жеринде ыдык өңдүү маанилүү көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган.

БУУӨПтүн жетекчилиги алдында Аялдардын жана балдардын укуктары боюнча кеңеш аялдарга карата зомбулуктун алдын алуу боюнча эл аралык милдеттенмелерге шайкеш келген стратегияны иштеп чыкты.

Тематикалык аналитикалык серептерде үй-бүлөлүк зомбулукка жана гендердик маселелерге тиешелүү мыйзамдарга юридикалык серептер жалпылаштырылган. БУУӨП Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине Гендердик теңчиликти камсыз кылуу боюнча улуттук иш-аракеттер планына монито-

ринг жүргүзүүгө колдоо көрсөтүп, анын натыйжалуулугун жогорулатты.

БУУӨП иштеп чыккан гендердик индикаторлор кызмат көрсөтүүлөрдү гендердик факторлорду эске алып баалайт. Гендердик көйгөйлөр боюнча курстар үчүн процедуралык талаптарды белгилейт. 18 судья жана 195 адис/студент үчүн адам укуктары жана аялдарга карата зомбулук маселелери боюнча окуулар өткөрүлдү. Билим берүү чөйрөсүндө гендердик сезимталдык жана үй-бүлөлүк зомбулук боюнча онлайн курс 100дөн ашуун адамды камтыды, ошондой эле 128 адам катышкан гендердик зомбулук боюнча конференция өткөрүлдү.

Кыргызстанда климаттын өзгөрүшү жана табигый кырсыктардын тобокелдигин азайтуу жаатындагы саясатка жооп берген мамлекеттик органдардагы жетекчилик кызматтарда эркектер басымдуулук кылгандыктан, аялдардын өкүлчүлүгү жана алардын климатка байланыштуу маселелерди чечүүгө кошкон салымы төмөн бойдон кала берүүдө. Ошентип, гендердик үгүт боюнча 16 күндүк өнөктүктүн алкагында БУУӨП Өкмөттүн иш-аракеттерине кошулуп, айрыкча аба ырайы өзгөргөн шарттарда жана табигый кырсыктар учурунда аялдар жана кыздар үчүн коопсуз коомдук жайларды уюштуруу боюнча бир катар талкууларды өткөрдү.

Бул демилге гендердик зомбулукту чечүүгө жана жамааттардын климаттын өзгөрүшүнө туруктуулугун жогорулатууга, аялдар менен кыздардын укуктарын коргоп, алардын өзгөрүүлөрдүн жол көрсөтүүчүсү болуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө карата комплекстүү мамиленин бир бөлүгү болуп калды.

Мындан тышкары, климаттын өзгөрүүсү көйгөйүн чечүүдө БУУӨП 100дөн ашык адам катышкан бир катар консультациялык сессияларды өткөрүп, жарандык коом уюмдарын, аялдар уюмдарын жана гендердик маселелер боюнча эксперттерди колдоодо чечүүчү ролду ойноду. Бул демилге климатка тиешелүү өңүттөрдү билим алмашуу боюнча платформага киргизүүгө жардам берип, климат маселелеринде гендер көйгөйүн алдыңкы орунга алып чыгууга көмөктөштү. Бул демилге аялдарга жана климаттык уюмдарга климаттын өзгөрүшүнө жана туруктуу өнүгүү максатында суу ресурстарын башкарууга байланыштуу чечимдерди кабыл алуу процесстерине жигердүү катышуу мүмкүнчүлүгүн берди.

БУУӨП Баткен, Жалал-Абад, Ысык-Көл жана Талас облустарында Аялдардын тилектештигинин аймактык платформаларын (Курултайларды) уюштурууга колдоо көрсөттү. Платформа 700дөн ашык лидер аялга коопсуз мейкиндикти уюшту-

руп, аялдардын саясий, социалдык жана экономикалык өнүгүүгө катышуусуна байланышкан көйгөйлөрдү талкуулоо жана чечүү үчүн шарт түздү. Ошондой эле платформа жалпы Кыргызстан боюнча аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча биргелешкен демилгелерди жана стратегияларды ачып берди.

280ден ашык ишкер-аял БУУӨП өнүктүрүү боюнча башка өнөктөштөр менен кызматташтыкта ийгиликтүү уюштурган Аялдардын ишкердик күнүн белгилешти. Бул иш-чара өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө аялдардын ишкерчилигин сүрөөгө көмөктөштү.



# ТЕҢСИЗДИКТИ КЫСКАРТУУ



## ТЕҢСИЗДИКТИ КЫСКАРТУУ

2023-жылдын апрелинде БУУӨП майыптыгы бар адамдардын ар кандай уюмдарынын өкүлдөрүнөн турган расмий эмес жумушчу топту түзгөн. Топ майыптыгы бар 15 адамдан жана алардын кызыкчылыгын коргогон адамдардан турат. Топко катышуу ыктыярдуу. Топтун мүчөлөрүнүн негизги милдети – майыптык маселелери боюнча чечим кабыл алууга катышуу. Алар БУУӨПтүн майыптык маселелерине байланыштуу бардык иш-аракеттерин ишке ашыруу боюнча чечимдерди кабыл алууда негизги ролду ойногон сунуштамаларды бериштi. Ошентип, БУУӨП Майып адамдардын укуктары боюнча Конвенциянын негизги принцибин карманат: Биз болбосок, биз жөнүндө сөз болбосун! Бул демек, майыптыкка байланыштуу бардык маселелер боюнча чечимдер майыптыгы бар адамдардын катышуусу менен гана кабыл алынышы керек.

2023-жылдын март-май айларында изилдөө тобу Бириккен Улуттар Уюмунун Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча Өнөктөштүгүнүн (UNPRPD) буйрутмасы менен майыптыгы бар адамдардын укуктарына кырдаалдык талдоо жасалып чыккан. Кырдаалдык талдоонун жүрүшүндө командага маалыматтарды табууга, керектүү байланыштарды түзүүгө жана отчетту редакциялоого жардам берилди.

Кырдаалдык талдоонун жыйынтыгынын негизинде артыкчылыктуу маселелер аныкталды. Бул иштер Көп өнөктөштүк тресттик фонду (MPTF) аркылуу өнөктөштүккө эки жылдык долбоорду сунуштоо үчүн жасалды. БУУӨПтүн, ЮНИСЕФтин жана ЮНФПАнын биргелешкен координациялык кеңешмесинин жүрүшүндө программаны биргелешип ишке ашыруу үчүн сунуштамалардын артыкчылыктары аныкталды. Жолугушуунун жүрүшүндө катышуучулар “Жеткиликтүү өлкө” программасын ишке ашырууга колдоо көрсөтүүнүн маанилүүлүгүн, Майыптыгы бар адамдардын иштери боюнча кеңештин дараметин бекемдөөнүн, майыптуулук жөнүндө статистикалык маалыматтарды чогултуу ишин жакшыртуунун маанилүүлүгүн, ошондой эле климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуунун улуттук планын иштеп чыгууга майыптуулукту киргизүү боюнча майыптыгы бар адамдардын уюмдарынын катышуусу менен эксперттик талдоо жүргүзүүнүн зарылдыгын моюнга алышты.

2023-жылы БУУӨП Финляндиянын Тышкы иштер министрлигинин колдоосу менен Майыптык жаатындагы негизги термин-

дердин глоссарийин иштеп чыккан. Бул Глоссарий Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин, Билим берүү жана илим министрлигинин, Саламаттык сактоо министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Майыптыгы бар адамдардын иштери боюнча кеңештин өкүлдөрү менен өнөктөштүктө даярдалды. Документти КР Эмгек, социалдык өнүктүрүү жана миграция министрлиги бекиткен (2023-жылдын 4-сентябрындагы №150 буйрук) жана КР Өкмөтүнө караштуу Майыптыгы бар адамдардын иштери боюнча кеңеш жактырган. Бул Глоссарий майыптыкты камтыган терминология боюнча ар тараптуу ресурс болуп саналат, ал ар түрдүүлүктү тааныйт жана майыптыкка адам укуктарына негизделген мамилени жайылтат. Глоссарийдин максаты – коомго көбүрөөк инклюзивдүү маданиятты жана тилди түптөөгө көмөктөшүү.

2023-жылдын май айында КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, майыптыгы бар адамдардын жамааты, медианын өкүлдөрү жана БУУнун агенттиктери менен кызматташтыкта “Медиада майыптык темасы” китепчесин даярдоонун башында БУӨП турду. 2023-жылдын декабрында китепчени КР Министрлер Кабинетине караштуу Майыптыгы бар адамдардын иштери боюнча кеңеш бекиткен. Бул басылманын негизги максаты – медиа кызматкерлеринин (журналисттердин, коммуникация боюнча адистердин, блогерлердин ж.б.) медиада майыптыктын өкүлчүлүгү жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу. Бул брошюра майыптык түшүнүгүн ачып берет, анда майыптыкты кабыл алууга ар кандай мамиле жасалат жана майыптык маселелеринде укук коргоо маселелери көтөрүлөт. “Медиада майыптык темасы” китепчеси англис, кыргыз жана орус тилдеринде берилген. Жеткиликтүү форматтар (окууга оңой варианты, электрондук Брайль шрифти жана аудио версиялар) даярдоо баскычында турат.

# КАЙРА ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮН ҮЧ БАГЫТЫ



## КАЙРА ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮН ҮЧ БАГЫТЫ

2023-жылы БУУӨП Кыргызстандын улуттук деңгээлде белгиленген салым көрсөткүчтөрүнө жетүүгө умтулуусун колдоп берди. Туруктуулукка, жашыл экономикалык саясатка жана климатты каржылоого назарын буруп, БУУӨП институттарды, саясатты бекемдөөгө жана парник газдарынын абага ташталуусу үчүн жеринде чараларды ишке ашырууга жардам берди.

**Структуралык өзгөрүүлөрдү жүзөгө ашыруу**. БУУӨП Өкмөткө аярлуу аймактарда экологиялык жактан туруктуу, экспортко багыт алган өндүрүштүк-сатуу чынжырларын илгерилетүүгө көрсөткөн колдоосун улантты. Бул демилге 50дөн ашык микро-, чакан жана орто ишкананын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, мунун натыйжасында 1, 7 миллион долларга экспорттук келишимдер түзүлдү.

**Тышкы таасирлерге туруктуулукту камсыз кылуу**. Жамааттардын туруктуулугунун маанилүүлүгүн баса белгилөө менен БУУӨП 30дан ашык жергиликтүү муниципалитетке аярлуу топтордун укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүдө, экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берүүдө жана социалдык биримдикти бекемдөөдө колдоо көрсөтүп берди. Экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү, стартаптарды колдоо жана климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу стратегиялары 1 067 жумуш орундарын түзүүгө жана жамааттардын туруктуулугун жогорулатууга көмөктөштү. Инклюзивдүү башкаруу жана социалдык биримдик багытындагы иш-аракеттер жергиликтүү потенциалды чыңдап, жамааттын арасындагы нааразычылыкты азайтып, алардын жалпы туруктуулугун жогорулатты.

**Эч ким обочодо калбайт**. БУУӨП 100 аял, жаштар жана майыптыгы бар адамдар үчүн максаттуу программалар аркылуу инклюзивдүүлүктү ийгиликтүү сүрөдү. Гендердик теңчиликти жактап, БУУӨПтүн аялдардын жана жаштардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча демилгелери экономикалык мүмкүнчүлүктөрдөгү теңсиздикти жоюуга багытталган. Майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоого жигердүү катышуу аркылуу БУУӨП алардын интеграциясына, потенциалын жогорулатууга жана инклюзивдүү жана адилеттүү коомду түзүүгө багытталган саясатты адвокациялоого олуттуу салым кошту.

# ӨНҮГҮҮНҮН ҮЧ ЖАГЫМДУУ ФАКТОРУ



## ӨНҮГҮҮНҮН ҮЧ ЖАГЫМДУУ ФАКТОРУ

**Санариптештирүү**. БУУӨП санариптик өзгөрүүлөргө Өкмөттү жана коомду тартуу менен санариптик өнүгүүнүн жаңы улуттук стратегиясы тууралуу маалымдоо үчүн санариптик даярдыкка баалоо жүргүзүүдө Санариптик өнүктүрүү министрлигине колдоо көрсөтүп берди. Мындан тышкары, БУУӨП Санариптик кодексти иштеп чыгууга колдоо көрсөтүп, пландалып жаткан дайындардын экосистемасына өзгөчө көңүл бурду, ал 2024-жылы кабыл алынат деп пландалууда.

**Стратегиялык инновациялар**. Create4 платформасынын алкагында Креативдүү индустриялар паркын түзүүдө Өкмөт жана БУУӨП натыйжалуу кызматташты. Бул кызматташтык Кыргызстанды креативдүү экосистеманы түзгөн жана жергиликтүү инноваторлор үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүктөрдү сунуштай алган дүйнөдөгү биринчи өлкөгө айландырды. Демилгеге 30дан ашык өнөктөш жана 100 уюм катышты.

БУУӨП “Аялдардын чыгармачылык лабораториясы” (WCL) деп аталган аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн инновациялык парадигмасынын масштабын кеңейтүүнү улантууда. WCL — бул кесиптештер үчүн уникалдуу жана жагымдуу чөйрөсү бар, аялдарга багытталган коворкинг-мейкиндик. WCL’дин Оштогу ийгилиги элеттик аялдардын туруктуу киреше алуусу үчүн окутууда, көндүмдөр жана мүмкүнчүлүктөр менен камсыз кылууда кеңейүүгө жол ачты. “Аялдардын чыгармачылык лабораториясынын” 200дөн ашык резиденти чыгармачыл тармактарда өзүнүн бизнес идеяларын сынап көрүү же тездетүү үчүн адистештирилген окутуу жана насаатчылык программаларына, ошондой эле баштапкы каржылоо булактарына ээ болушту; ал эми 600дөн ашык адам биргелешкен демилгелер жана иш-чаралар аркылуу тармакка катышууда.

БУУӨП жергиликтүү жана шаардык өнүгүү үчүн инновациялык мамиле жасаган жерлерди түзүүнү ийгиликтүү сынай алды. 2023-жылы БУУӨП ILGERI чыгармачылык бирикмеси менен биргеликте оюнду иштеп чыкты, ИЛГЕРИ ЖОЛУ деген оюн Бишкектин тургундары үчүн квест форматында даярдалган. Маалымдуулукту жогорулатуу жана инновациялык ыкмаларды колдонуу менен шаардын маданий мурастарын коргоо жана сактоо, NFT жана толукталган реалдуулук өңдүү эң заманбап технологияларды колдонуу ушул демилгенин максаты болгон.

STEM4ALL платформасы аркылуу жана

ЮНИСЕФ менен өнөктөштүктө БУУӨП Кыргызстанда илимде, технологияда жана инновацияларда гендердик теңчиликти илгерилетүү максатын көздөгөн “Практиктердин жамаатын” түзүү ишине колдоо көрсөттү.

БУУӨПтүн колдоосу менен жасалма интеллектти спутник жана тарыхый маалыматтар менен интеграциялоо аркылуу табигый кырсыктардын тобокелдигине мониторинг жүргүзүүнүн улуттук системасы бир топ жакшыртылды. Демилге Ысык-Көл облусунун 10 айылын камтыды. Натыйжада, болжол менен 1 550 000 адам жамааттын туруктуулугун жогорулатуу менен эрте мөөнөттө эскертмени алып туруу көйгөйүн натыйжалуу чечкен жана маалымдуулукту жогорулаткан жамааттык чаралардан пайда алышууда.



# ИЧКИ НАТЫЙЖАЛУУЛУК



## ИЧКИ НАТЫЙЖАЛУУЛУК

БУУӨП "Адамдар 2030" стратегиясына ылайык мыкты таланттарды тартууга умтулгандыктан, адамдар өз потенциалын толук ача ала турган жагымдуу чөйрөнү түзүп жатат. Инклюзивдүү жумуш орундарын түзүүгө, ар түрдүүлүктү колдоого жана чынчылдыктын, кесипкөйлүктүн жана сый-урматтын эң жогорку стандарттарын сактоого умтулганыбыздын натыйжасында БУУӨП жогорку деңгээлдеги кесипкөйлөрдү өнүктүрүү үчүн платформа берүүдө. Үзгүлтүксүз окууга, карьералык өсүш  мүмкүнчүлүктөрүнө жана жумуш менен жеке жашоонун тең салмактуулугун сактоого багытталган демилгелерге өзгөчө көңүл буруп, БУУӨП туруктуу өнүгүүнүн глобалдык көйгөйлөрүнө сезилерлик таасирин тийгизип, кызматкерлер кесипкөйлүк менен ийгиликке жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болоорун кепилдейт.

2023-жылы КРдагы БУУӨПтүн бардык кызматкерлери өздөрүнүн программаларына жана долбоорлоруна инклюзивдүүлүктү киргизүү боюнча тренингге катышты. Бул тренинг кызматкерлердин майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу максатында уюштурулган.

Майыптыгы бар адамдардын БУУӨПтүн кеңселеринде, программаларында жана долбоорлорунда ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында 2024-2027-жылдарга карата майыптыгы бар адамдарды жумушка орноштуруунун Жол картасы иштелип чыкты. Майыптыгы бар адамдар үчүн ишке орношуу, аларды жалдоо мүмкүнчүлүктөрүн, карьералык өсүшүн камсыз кылуу жана иш орундарын сактап калуу бул Жол картасынын максаты болуп саналат.

# ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА ӨНӨКТӨШТӨР

From
the People of Japan

SUOMI
FINLAND

Federal Ministry
for Economic Cooperation
and Development

Foreign, Commonwealth
& Development Office

NORWEGIAN MINISTRY
OF FOREIGN AFFAIRS

Ministry of Environment
Republic of Korea

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Agency for Development
and Cooperation SDC

Sida
SWEDISH INTERNATIONAL
DEVELOPMENT COOPERATION AGENCY

Eurasian
Development Bank

THE WORLD BANK

osce

german
cooperation
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

giz

NATUR
VÅRDS
VERKET
SWEDISH ENVIRONMENTAL
PROTECTION AGENCY

REPUBLIC OF KOREA
KOICA

GREEN
CLIMATE
FUND

gef

JOINT
SDG
FUND

THE
GLOBAL
FUND

United Nations
MPTF Office
Partners Gateway

PEACEBUILDING
FUND

## Эскертүү

## Эскертүү

# БУУӨП КЫРГЫЗСТАН

2023-жылдын жыйынтыктары жөнүндө жылдык отчет



undp.org/kyrgyzstan

@undpkg

БУУнун үйү
Телефон номери: +996 (312) 611213, Факс номери: +996 (312) 611217
Чүй проспектиси, 160. 720040, Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы